**КАБЫЛ АЛЫНДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Педагогикалык Кеңешинин жыйынынын
2024-ж. «01» 11
№ 3 протоколу

**БЕКИТЕМ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин директору
Н.К.Турусбекова
_______________
2024-ж. «10» 11

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору
М.К. Чыныбаев
_______________
2024-ж. «10» 11

**И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин**
**Студенттик өзүн өзү башкаруу жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинде студенттик өз алдынча башкаруунун ишин жөнгө салат (мындан ары - Колледж жана Университет). Колледждеги студенттик башкаруунун негизги органы Студенттик Башкаруу Кеңеши (СБК) болуп саналат.

1.2. СБК өз ишинде Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө”, “Коомдук бирикмелер жөнүндө” мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын жаштар саясаты боюнча башка мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик укуктук актыларын, Университеттин Уставын, Университеттин жана Колледждин башка жергиликтүү документтери жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

1.3. Студенттик өз алдынча башкаруу – билим алуучулардын турмушундагы маанилүү маселелерди чечүүгө, алардын коомдук активдүүлүгүн өнүктүрүүгө, коомдук демилгелерди колдоого багытталган активдүү студенттердин ыктыярдуу, өзүн-өзү башкаруунун өзгөчө формасы.

1.4. Студенттик башкаруунун ишмердүүлүгү ачык-айкын жана коомдук мүнөзгө ээ.

1.5. Колледждеги студенттердин өзүн-өзү башкаруусу диний бирикмелерге, саясий партияларга жана кыймылдарга көз каранды эмес.

## 2. Максаттар жана милдеттер

2.1. Колледжде студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- Колледжде студенттердин өз алдынча башкаруусун өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү;
- билим алуучулардын Колледжди башкарууга жана окуу процессинин сапатын баалоого катышуу укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуу;
- билим алуучулардын өз алдынча башкаруу көндүмдөрүн калыптандыруу, аларды коомдун турмушуна компетенттүү жана жоопкерчиликтүү катышууга даярдоо;
- билим алуучулардын жарандык маданиятын, активдүү жарандык